DOI: 10.26104/NNTIK.2022.57.77.002

*Азимова А.А.*

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРГА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК МОДЕЛИ

*Азимова А.А.*

## КОНЦЕПТУАЛЬНАЯ МОДЕЛЬ МОНИТОРИНГА ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ

*A. Azimova*

## CONCEPTUAL MODEL OF HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS MONITORING

*УДК: 005.584.1.:378.141*

*Макалада жогорку окуу жайлардын мониторинг системасынын концептуалдык моделин түзүүнүн негиздери каралды. Жогорку окуу жайлардын ишине мониторинг жүргүзүү моделин түзүүгө карата мамилелер негизделди. Каралып жаткан көйгөйдүн (теманын) теориясын жана практикасын системалык талдоонун негизинде билим берүүнүн мониторинг системасынын методологиясын түзгөн сүрөттөмөлөр жана мүнөздөмөлөр келтирилди. Жогорку окуу жайлардын мониторингинин ченемдик божомолдору, аныктамалары, максаттары жана функциялары системалаштырылды. Билим берүүнүн мониторинги системасы анын максатына, мазмунуна, түзүмүнө, функцияларына, методикасына жана каражаттарына тийиштүү болгон концептуалдык теориялык жана колдонмо сүрөттөөлөрдүн жыйындысы менен мүнөздөлгөн. Алгоритм түрүндө берилген Жогорку окуу жайлардын мониторингин уюштуруу жана жүргүзүү процесстери талданды. Жогорку окуу жайлардын ишинин натыйжаларын баалоо диагностикасы жаатындагы илимий базаны түзүүнү негиздөө менен мониторинг жүргүзүү ыкмалары каралды. Жогорку окуу жайларда мониторинг системасын уюштуруунун жана жүргүзүүнүн усулдары иштелип чыкты.*

***Негизги сөздөр:*** *концепция, модель, окуу жайдын мониторинги, усул, ишмердүүлүк, баалоо, процесстер.*

*В статье рассматриваются основы построения модели системы мониторинга высших учебных заведений. Обоснованы подходы к построению модели мониторинга деятельности вузов. На основе системного анализа теории и практики рассматриваемой проблемы приведены описания и характеристики составляющих методологии системы мониторинга образования. Систематизированы нормативные предпосылки, определения, цели и функции мониторинга вузов. Образовательная система мониторинга характеризуется совокупностью концептуальных, теоритических и практических описаний, касающийся его цели, содержании, состава, функций, методик и средств. Проанализированы процессы организации и проведения мониторинга вузов, которые представлены в виде алгоритма. Рассмотрены методы мониторинга с обоснованием формирования научной базы в области диагностики измерения результатов деятельности вузов. Разработана методика организации и проведения системы мониторинга в высших учебных заведениях.*

***Ключевые слова:*** *концепция, модель, мониторинг вузов, метод, деятельность, оценка, процессы.*

*The article concerns the basics of the monitoring system model of higher educational institutions. Approaches to modelling a monitoring model of the universities activity are based. Based on a systematic analysis of the theory and the problem under consideration, a description and content of the methodology of the education monitoring system is provided. The regulatory prerequisites, definitions, goals and functions of monitoring universities are systematized. The education monitoring system is characterized by a set of conceptual theoretical and applied descriptions related to its purpose, content, structure, functions, methods and means. The processes of organizing and conducting monitoring of universities which are carried out in the form of an algorithm are analyzed. Possible monitoring methods are based on the a scientific base formation of the measuring the activity results of universities. A methodology for organizing and conducting system monitoring in higher educational institutions has been developed.*

***Key words:*** *concept, model, university monitoring, method, activity, assessment, processes.*

**Киришүү.** Билим берүү системасынын мониторинги көп учурларда билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жана ишмердүүлүктүн натыйжаларын баалоо системасынын милдеттүү элементи катары каралат. Аткарылган иштердин мазмуну жана мүнөзү боюнча билим берүүнүн мониторинги системасы улуттук деңгээлде да, институционалдык деңгээлде да башкаруу системасынын маанилүү түзүүчүсү болуп саналып, өнүгүүнүн стратегиялык жана ыкчам маселелерин көзөмөлдөөгө жана ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Жогорку окуу жайлардын мониторинг системасы башкаруунун тиешелүү деңгээлдериндеги ишмердүүлүктүн багыттары боюнча ишкердик процесстердин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн абалы боюнча маалыматтарды жыйноонун жана иштетүүнүн негизинде ишке ашырылат. Билим берүүнүн мониторинги процесси билим берүү системасынын алдына коюлган максатына жеткендиги (же жетпей калгандыгы) боюнча белгилүү убакыт аралыгындагы абалы тууралуу маалыматтарды алууну камтып, билим берүү системасына таасир этүүнү жана негиздүү башкаруу функцияларын камсыз кылууну көздөйт.

Билим берүү системасына мониторинг жүргүзүүдө жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн ар кандай аспектилери учурдагы мыйзамдардын нормаларына жана билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга жооп берүү көз карашынан иликтенет жана текшерилет.

Билим берүү системасынын мониторингинин максаты болуп жогорку окуу жайлардын учурдагы

абалы жана ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар базасын калыптандыруу саналат, аларды талдоо, жалпылоо жана салыштыруу жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоого, өнүгүү тенденцияларын пландоого, божомолдоого жана билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча негиздүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому менен бекитилген Билим берүүнү 2021-2040-жылдарга өнүктүрүү программасы билим берүү системасынын ишинин жыйынтыктарынын жана натыйжалуулугунун үзгүлтүксүз мониторингин жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт. Мында билим берүүнү жыйынтыкка багыттап башкарууну ишке ашыруу жана билим берүүнүн жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүүнүн негизинде башкаруу чечимдерин кабыл алуу каралат.

Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн мониторинги жаатындагы мыйзамдарынын нормалары КРнын Өкмөтүнүн 29.09.2015 № 670 Токтому менен бекитилген «КРнын аккредитацияланууччу баштапгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына коюлууччу минималдуу талаптарда» каралган. Аталган документке ылайык билим берүү уюмдарында стратегиялык жана утурумдук пландардын, билим берүү максаттарынын аткарылышынын, тиешелүү түзөтүүлөрдү киийрүүнүн жана алардын аткарылышынын жыл сайын мониторингин жүргүзүү билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатынын критерийлерине киргизилген.

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн мониторингинин улуттук модели маселелерине жамааттык жумуш арналган [1]. Анда билим берүүнүн мониторингинин жана баалоонун аныктамалары жана мүнөздөмөлөрү, ошондой эле орто билим берүүдө мониторинг жана баалоо системасынын элементтерин иштеп чыгуу жана киийрүү үчүн керектүү материалдар чагылдырылган. Мониторингди төмөнкү негизги багыттар боюнча жүргүзүү сунушталат:

– системанын негизги көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтарды жыйноо аркылуу билим берүү системасынын абалынын мониторинги;

– реформалардын жана мамлекеттик саясаттын максаттарына жетүү даражасын өлчөө үчүн билим берүү системасындагы реформалардын мониторинги.

Бул эмгекте мониторинг алдын-ала пландалган ишмердүүлүктү баалоо менен күтүлүүчү жыйынтыктарга алып келүү катары каралат.

Сереptик изилдөөлөр жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүн объективдүү критерийлердин негизинде талдоо жана ар тараптуу баалоо ыкмалары жана жогорку окуу жайлардын мониторингинин моделин иштеп чыгуунун концептуалдык маселелери анча өнүгө электигин көрсөттү. Мындан улам билим берүү кызматтарынын керектөөчүлөрү жогорку билим берүү системасын улуттук жана институционалдык деңгээлдерде өнүктүрүүнүн натыйжалуулугу тууралуу так маалымат ала алышпайт. жогорку окуу жайлардын өздөрү жогорку окуу жайлардын мониторинги системасынын моделин билим берүү системасын башкаруунун заманбап технологияларына ылайык калыптандырууда кыйынчылыктарга туш болууда. Жогорудагылардын негизинде жогорку окуу жайлардын мониторинги көйгөйлөрүн изилдөө жана жогорку окуу жайлардын мониторингинин моделин иштеп чыгуу боюнча илимий изилдөө учурдун актуалдуу маселеси болуп саналат.

**Изилдөөнүн маселелерин аныктоо.** Билим берүү системасын башкаруу теориясынын жана системалуу талдоонун негизинде жогорку окуу жайлардын мониторингин программалык-максаттуу башкаруунун татаал, дискреттик жана динамикалуу системасы катары кароого болот. Миссиясына жана ишмердүүлүк функционалына ылайык жогорку окуу жайлардын билим берүүнүн мониторинги системасынын процедураларынын негизинде ишмердүүлүктү башкаруунун натыйжалуулугун камсыздоону көздөшөт, анын мазмуну жана алгоритми тиешелүү методологияга таянат. Мындан улам жогорку окуу жайлардын мониторинги системасын калыптандыруунун методологиялык негиздерин изилдөө жана негиздөө жана анын түзүүчүлөрүн системалаштыруу талап кылынат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Жогорку окуу жайлардын мониторингин уюштуруу жана жүргүзүү моделдерине жана ыкмаларына арналган изилдөөлөрдү карап чыктык. Бул көйгөйгө көптөгөн иштер жана басылмалар арналганын белгилей кетүү зарыл [2, 3, 10]. Аталган изилдөөлөрдү карап көрөлү.

Системалык талдоонун негизинде каралып жаткан көйгөйдүн этимологиялык жана илимий аспектилери изилденди. Мониторинг термини латын тилинен «monitor» сөзүнөн алынып, «эске салуу» дегенди билдирет. Азыркы чечмелөөлөргө ылайык биздин изилдөөдө мониторинг термини жалпылап алганда билим берүү системасын башкаруу иерархиясынын чынжырчасында ал жөнүндө маалымат жыйноо, иштетүү, сактоо жана камсыз кылуу тутумун билдирип, объектинин берилген мезгил ичиндеги абалын баалоону жана анын өнүгүүсүн божомолдоону камсыз кылат.

Билим берүүнүн мониторинги системасын ишке ашыруунун натыйжалуулугу бир топ объективдүү жана субъективдүү факторлордон көз каранды болуп, жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн кеңири аспектилерин камтыйт. Илимий изилдөөлөрдө мониторингдин ар кандай функциялары каралган: адаптациялык (А.А. Орлов ж.б.), диагностикалык (В.И. Андреев, А.С. Белкин ж.б.), интегративдик, компаративисттик, прагматикалык (В.Г. Попов ж.б.), калыптандыруучу, системаны түзүүчү (Г.Т.Емельянова, С.Н.Силина ж.б.).

Талдоонун жүрүшүндө билим берүүнүн мониторинги негизинен ЖОЖду башкарууда колдонулат экендиги аныкталды. А.С. Белкин, В.М. Гончаренко, А.А. Гусев, В.Д. Жаворонков, А.И. Куприна, Л.Д. Назарова, А.И. Севрук, С.Н. Силина, С.Л. Фоменко ж.б. эмгектеринде билим берүүнүн мониторинги ЖОЖдордун натыйжалуулугуна жетүүгө шарт түзгөн билим берүү процессинин технологиясы катары каралат. Мониторинг ошондой эле илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү процессинде маалымат алуу ыкмасы же башкаруучулук контроллинг катары колдонулат. Мында мониторинг процедураларынын натыйжасында алынган мониторингдин материалдары билим берүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүү үчүн кызмат кылат. Инновациялардын натыйжалуулугу жөнүндө маалымат алуу үчүн мониторинг А.А. Орловдун, О. Абдуллинанын жана Н. Маркованын эмгектеринде колдонулат. Мониторингди жогорку окуу жайлардын маалыматтык чөйрөсүн уюштуруунун жолу катары өздөрүнүн изилдөөлөрүндө Э.Ф. Зеер жана В.А. Веденников чечмелешет.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары мониторинг системасынын шаймандарын пайдалануу менен жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу тенденцияларын жана актуалдуулугун, билим берүүнүн мониторинги системасынын процесстерин моделдештирүү боюнча ар түрдүү методикалардын жана моделдердин бар экендигин, тиешелүү баалоо шаймандарын тандоо жана колдонуу зарылдыгын көрсөттү. Ошол эле учурда азыркы өзгөрүп жаткан шарттарда жана билим берүүнүн учурдагы приориеттеринин талаптарына ылайык жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнүн системасын тандоону жана калыптандырууну өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл буруу талап кылынат [9]. Иште [2] жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүн баалоонун учурдагы системасы натыйжалуу эмес экендиги көрсөтүлдү, анткени босого маанилери катары медианалык маанилеринин параметрлери колдонулбайт. ЖОЖдордун натыйжалуулугун баалоонун негизги критерийлери катары эл аралык рейтингдерди пайдалануу сунуш кылынат.

«Мониторинг деятельности образовательных организаций - инициатива системных изменений в высшем образовании» эмгегинде [3] авторлор тарабынан билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн мониторинги алардын ишинин натыйжалуулугун баалоо шайманы катары каралган. Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларда кадрларды даярдоонун түзүмүндөгү өзгөрүүлөр чагылдырылган жана ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоонун россиялык системасынын көрсөткүчтөрү талданган.

«Критерии и показатели системы качества образования в вузе» эмгегинде [4] автор тарабынан жогорку билим берүү системасында кадрларды даярдоонун сапатын камсыз кылуу менен байланышкан маселелер каралган. жогорку окуу жайларда билим берүүнүн сапатын баалоонун шайманы болуп маалыматтык система саналары жөнүндө тыянак чыгарылган.

«Современные инструменты оценки научного потенциала территории: наук метрический подход» деп аталган макалада [5] автор илим-изилдөө уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жана аймактардын илимий потенциалынын натыйжалуулугун баалоодо илимий шилтеме берүү индекстерин пайдалануу мүмкүндүктөрүн көрсөтүүгө аракет кылган.

«Формализация деятельности преподавателя и эффективность деятельности вузов» эмгегинде [6] окутуучулардын ишмердүүлүгүн ачык формалдаштыруу деңгээлин баалоого аракет жасалган. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында авторлор тарабынан эч кандай олуттуу көз карандылыктар аныкталбагандыгына карабастан, жогорку окуу жайларда тышкы көзөмөлдүн күчөө процессинин жыйынтыктары али алдыда экендиги талашсыз.

«Высшая школа современной России: ключевые тренды формирования новой парадигмы» макаласында [7] ааламдашуу шарттарында жогорку мектептин сапаттык трансформацияланышына, эл аралык интеграциялык системалардын баалуулук динамикасынын өз ара байланыштары жана россиялык билим берүүдөгү социомаданий өзгөрүүлөргө көңүл бурулган. Жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулук критерийлерин баалоо ыкмаларын кайра карап чыгуунун максатка ылайыктуулугу, билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапаттык көрсөткүчтөрүнүн маанилүүлүгү, студенттерди гуманитардык даярдоонун зарылдыгы каралат.

«Мониторинг эффективности российских вузов: совершенствование методологии» эмгеги [8] мониторинг жүргүзүү методологиясын өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн жана багыттарын талдоого арналган. Автор тарабынан аларды тактоо зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарылган. Жогорку окуу жайларды башкаруу жаатындагы изилдөөлөрдү иликтөөнүн жана практикалык иштелмелерди жалпылоонун негизинде жогорку окуу жайлардын моинторингинин моделин калыптандырууга жекече көз караш иштелип чыккан.


Жогорку окуу жайлардын жана анын бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн баалоонун жана божомолдоонун көпчүлүк маселелеринин өзгөчөлүгү алар формалдашпаган мүнөздө экендигинде турат. Ошондуктан жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн мониторингинин формалдашпаган маселелерин чечүү үчүн мониторингдин ыкмаларын жана моделдерин иштеп чыгуу актуалдуу көйгөй болуп саналат. Жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгү өтө көп кырдуу жана анын мониторинги ар бир багыт боюнча иштердин абалын зарыл учурларда баштапкы көрсөткүчтөргө чейин деталдаштыруу менен чагылдырышы керек.

Жогорудагы анализ мониторинг татаал, дискреттик, динамикалуу жана стохастикалык система болуп эсептелет деп бүтүм чыгарууга мүмкүндүк берет. Системанын татаалдыгы билим берүү кызматтар рыногунун көп жактуу мүнөзү; керектөөчүлөрдүн талаптары

жана саны, кызматтардын спецификасы; баштапкы өзгөрмөлүүлөрдүн стохастикалуулугу жана башкарылбоочулугу; башкаруунун жогору турган органдары жана буйрутма берүүчүлөр менен кадрларды даярдоо боюнча тышкы байланыштардын көп сандуулугу менен шартталган. Билим берүүнүн мониторинги процесси жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн өлчөөнүн, талдоонун жана жакшыртуунун, алардын натыйжаларын баалоонун негизинде ишке ашырылат. Жогорку окуу жайлардын мониторинги процессинин блок-схемасы 1-сүрөттө берилди.

Жогорку окуу жайлардын мониторинги процессинин алгоритмине ылайык аны жүргүзүүнүн өбөлгөлөрү болуп мыйзам регламенттери жана мониторингдин объектисинин иш-чараларынын институционалдык локалдык пландары саналат. Мониторингдин объектиси болуп тиешелүү көрсөткүчтөрү менен жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн багыттары эсептелет. Мониторингдин жыйынтыктарынын объективдүүлүгүн жана толук кандуулугун камсыз кылууда анын маселелерин аныктоого жана мониторингдин баштапкы этабына кирген жумуштардын программасын иштеп чыгууга маанилүү орун берилет.

Азыркы мезгилде чечилүүчү маселелерге жараша мониторингдин ар кандай моделдери жана ыкмалары иштелип чыккан. Ошондуктан мониторингдин натыйжалуу моделин жана ыкмасын тандоо жана негиздөө талап кылынат. Мониторингдин техникалык жана маалыматтык жагы нормативдик көрсөткүчтөр менен салышыруу үчүн маалыматтар базасын жыйноо, иштетүү, талдоо жана сактоо менен байланышкан. Салыштырмалуу баалоонун натыйжалары мониторингдин жыйынтыктарын чыгарууда, сунуштамаларды жана эксперттик боолоонун бүтүмүн кабыл алууда негиз катары колдонулат.




**1-сүрөт.** Жогорку окуу жайлардын мониторинги процесстеринин блок-схемасы.

***Булагы:*** автор тарабынан түзүлдү.

Билим берүүнүн мониторингинин моделин карап чыгууда жана сүрөттөөдө ошондой эле анын маңызын чагылдырган түшүнүктөрдү, терминдерди, категорияларды жана жоболорду, билим берүү аныктыгы процесси катары анын мүнөздөмөлөрүн, мазмунун жана өз ара байланыштарын аныктоо зарыл болот. Мониторинг теориясынын өнүгүшү маалыматтык коом үчүн эң маанилүү болгон билим берүүнү башкаруу теорияларынын контекстинде ишке ашырылышы керек. Билим берүүнүн мониторингинин илимий аспектиси аны салыштырмалуу анализдин негизинде билим берүү системасынын натыйжалуулугун изилдөөнүн шайманы катары кароону билдирет. Ошондуктан билим берүүнүн мониторинги системасы анын максатына, мазмунуна, түзүмүнө, функцияларына, методикасына, каражаттарына ж.б.у.с. тийиштүү болгон концептуалдык теориялык жана колдонмо сүрөттөөлөрдүн жыйындысы менен мүнөздөлөт. Демек, билим берүүнүн мониторинги системасы илимдин билим берүү системасынын абалын аныктоо жана баалоо жаатындагы өз алдынча багыты болуп саналат.

Мониторингдин концептуалдык моделин түзүү жана ишке ашыруу мониторингдин ыкмаларына негизделет. Илимий изилдөөлөрдө жана практикада мониторингдин ар түрдүү ыкмалары колдонулат. Мониторингдин негизинде жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо башкаруу, статистикалык анализ, эксперттик баалоолор, респонденттерди сурамжылоо ыкмаларын колдонуу сунушталат. Мониторингдин методикасы төмөнкү маселелерди чечүүнү талап кылат:

– мониторингдин максатын, маселелерин аныктоо;

– мониторингдин мөөнөттөрүн аныктоо жана сактоо;

– мониторингдин объектиси менен предметинин мүнөздөмөлөрүн сүрөттөө;

– мониторингдин көрсөткүчтөрүн (критерийлерин) калыптандыруу жана сүрөттөө;

– маалымат топтоо, иштетүү жана сактоо ыкмаларын аныктоо;

– мониторингдин шаймандарын аныктоо жана ишке ашыруу (анкеталар, сурамжылоо барактары, таблицалар, программалык камсыздоо, аппараттык-техникалык каражаттар);

– ресурстук камсыздоо;

– мониториангдин натыйжаларын талдоо, баалоо жана отчет даярдоо.

Каралып жаткан билим берүү мониторинги үчүн көрсөткүчтөрдүн жана критерийлердин белгилүү топтомун иштеп чыгуу зарыл. Ар бир объект үчүн инструментарий өзүнчө болгонуна карабастан, алар баары бири-бирине таасирин тийгизет, жана мындан улам, бул объектилердин сапат көрсөткүчтөрүнүн элементтери жалпы түзүүчүлөргө ээ болушу керектиги абдан маанилүү. Мониторингди уюштуруу жана ишке ашыруу маалымат топтоо, иштетүү, сактоо жана пайдалануу процесстеринин жыйындысын билдирет.

**Корутунду.** Билим берүү системасын башкаруу теориясын жана дүйнөлүк тажрыйбасын талдоо жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүн баалоодо анын чечүүчү шайманы болуп жогорку окуу жайлардын мониторинги системасын түзүү саналарын көрсөттү. Жүргүзүлгөн изилдөө жогорку окуу жайлардын мониторингин татаал жана өзгөрмөлүү билим берүү системасы катары кароо зарылдыгын, аны ишке ашыруу системалуу талдоону жана концептуалдык моделди иштеп чыгууну талап кыларын көрсөттү.

**Адабияттар:**

1. Руководство по созданию и развитию национальной модели мониторинга и оценки в сфере образования. Третьякова Т., Марченко Л., Бойко Е., Кошелева Н., Петерсон Б. - Бишкек: 2017. - 81 с.
2. Гаранин М.А., Паулов П.А. Совершенствование системы оценки эффективности деятельности высшего образования / Креативная экономика. - 2019. - 13-т. - №4. - 761-772-бб.
3. Карелина И.Г., Соболев А.Б., Сорокин С.О. Мониторинг деятельности образовательных организаций-инициатива системных изменений в высшем образовании // Высшее образование сегодня. - 2015. - № 7.
4. Ковров В.В. Критерии и показатели системы качества образования в вузе // Научные исследования и образование. - 2006. - № 2.
5. Третьякова О.В. Современные инструменты оценки научного потенциала территории: наукометрический подход // Проблемы развития территории. - 2014. - № 4.
6. Курбатова М.В., Апарина Н.Ф., Донова И.В., Каган Е.С. Формализация деятельности преподавателя и эффективность деятельности вузов // Terra Economicus. - 2014. – № 4.
7. Огнева В.В., Болховитина Т.С., Васютин Ю.С. Высшая школа современной России: ключевые тренды формирования новой парадигмы // Образование и общество. - 2015. – № 2.
8. Винокуров М.А. Мониторинг эффективности Российских вузов: совершенствование методологии // Известия Иркутской государственной экономической академии. - 2013. № 6.
9. Овчинкин О.В., Пыхтин А.И., Остроцкая С.В., Тимошенко А.А. Система внутреннего мониторинга выполнения показателей эффективности деятельности вуза. Современные наукоемкие технологии. - 2019. - №4. - 50-54-Б.
10. Майоров А.Н. Мониторинг в образовании. 3-бас., оңдолгон жана толукталган. - М.: Интеллект-центр, 2005. - 424 б.
11. Тойчиева Б. К вопросу повышения качества подготовки специалистов с высшим образованием. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2012. №. 8. С. 114-116